КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ
КАРАШТУУ
ФИНАНСЫЛЫК ЧАЛГЫНДОО
МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ СЛУЖБА
ФИНАНСОВОЙ РАЗВЕДКИ
ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ
ФИНАНСОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

04.02.2026 № 12/о/п

гор. Бишкек шаары

**Үчүнчү тараптарга ишеним көрсөтүү механизмин колдонуу боюнча усулдук сунуштарды бекитүү жөнүндө**

«Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-декабрындагы № 739 «Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу» токтому менен бекитилген Кардарды талап кылынган деңгээлде текшерүү тартиби жөнүндө жобонун 47-пунктун ишке ашыруу алкагында, ошондой эле финансылык мониторинг субъектилерине ички контролдоо тутумдарын уюштурууда усулдук жардам көрсөтүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Тиркелген Кардарды талап кылынган деңгээлде текшерүү процессинде үчүнчү тараптарга ишеним көрсөтүү механизмин колдонуу боюнча усулдук сунуштар (мындан ары – Усулдук сунуштар) бекитилсин.
2. Финансылык мекемелерге жана финансылык эмес категориядагы жактарга ички контролдоо эрежелерин иштеп чыгууда жана үчүнчү тараптар менен келишимдерди түзүүдө ушул Усулдук сунуштардын жоболорун жетекчиликке алуу сунушталсын.
3. Усулдук сунуштарда белгиленген мөөнөттөрдүн жана жол-жоболордун сакталышы, Кардарды талап кылынган деңгээлде текшерүү тартиби жөнүндө жобонун (№ 739 токтомго 12-тиркеме) 47-пунктунун маалыматты кечиктирбестен алуу боюнча талаптарын талап кылынган деңгээлде аткарылган катары таанылаары белгиленсин.
4. Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын (ФЧМК) Маалыматтык технологиялар бөлүмү ушул буйруктун жана Усулдук сунуштардын текстин ФЧМКнын расмий веб-сайтына электрондук форматта («Мыйзамдар» бөлүмүнүн «ФЧМКнын буйруктары» бөлүмчөсүнө, ошондой эле «Финансылык мекемелерге жана БФКЖларга» бөлүмүнүн «Жетектөөчү принциптер» бөлүмчөсүнө) жайгаштырууну камсыз кылсын.

**Об утверждении Методических рекомендаций по применению механизма доверия третьим лицам**

В рамках реализации статьи 21 Закона Кыргызской Республики «О противодействия финансированию преступной деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов» и пункта 47 Положения о порядке проведения надлежащей проверки клиента, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О противодействия финансированию

преступной деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов» от 14 декабря 2025 года № 739, а также оказания методологической помощи субъектам финансового мониторинга в организации систем внутреннего контроля, **приказываю:**

1. Утвердить прилагаемые Методические рекомендации по применению механизма доверия третьим лицам в процессе надлежащей проверки клиента (далее – Методические рекомендации).

2. Рекомендовать финансовым учреждениям и нефинансовым категориям лиц руководствоваться положениями настоящих Методических рекомендаций при разработке правил внутреннего контроля и заключении договоров с третьими сторонами.

3. Установить, что соблюдение сроков и процедур, изложенных в Методических рекомендациях, признается надлежащим исполнением требований пункта 47 Положения о порядке проведения надлежащей проверки клиента (Приложение 12 к Постановлению № 739) в части незамедлительного получения информации.

4. Отделу информационных технологий ГСФР обеспечить размещение настоящего приказа и текста Методических рекомендаций на официальном веб-сайте ГСФР в электронном формате (в подразделе «Приказы ГСФР» раздела «Законодательство», а также в подразделе «Руководящие принципы» раздела «Финансовым учреждениям и УНФПП»).

**Төраганын м.а./ И.о. председателя** **Б.А. Алишеров**